DOI:10.26104/NNTIK.2022.45.78.070

*Жаңыбаева М.А., Мокеева А.М., Жантаев А.С.*

# XXI КЫЛЫМДАГЫ КЫРГЫЗ АДАБИЯТТААНУУСУНДАГЫ АКЫНДАР ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫ БОЮНЧА НЕГИЗГИ ИЗИЛДӨӨЛӨР

*Жаныбаева М.А., Мокеева А.М., Жантаев А.С.*

# ОСНОВНЫЕ ИССЛЕДОВАНИЯ ПО АКЫНСКОЙ ПОЭЗИИ В КЫРГЫЗСКОМ ЛИТЕРАТУРОВЕДЕНИИ XXI ВЕКА

*M. Zhanybaeva, A. Mokeeva, A. Zhantaev*

# BASIC RESEARCH ON AKYN POETRY IN KYRGYZ LITERARY STUDIES OF THE XXI CENTURY

*УДК: 821:161:82.0 (575.2) (04)*

*Кыргыз адабияттаануу илиминин негизги салааларынын бири акындар поэзиясы болуп саналат. Бул илимий изилдөө салаасы боюнча кыргыз окумуштуулары аткарган эмгектер абдан эле арбын. Ошентсе да, аталган салаа боюнча изилдөөлөр XXI кылымда да жигердүү улантылып жатат. Мунун себебин акындар поэзиясында иликтөөнүн объектисине айлантыла элек маселелердин көптүгү, аларга кошумча жаңы илимий проблемалар пайда болуп жаткандыгы менен түшүндүрүүгө болот. Биз өз макалабызда адабияттаануу илиминин ушул салаасында XXI кылымда аткарылган негизги изилдөөлөргө, башкача айтканда докторлук диссертацияларга сереп жасоо максатын көздөдүк. Аталган тармак боюнча баш-аягы беш докторлук диссертация корголгон. Ал изилдөөлөрдү К.Койлубаев, М.Көлбаева, С.Тиллебаев, А.Турдугулов, А.Эшиев аткарышкан. Буларда акындар поэзиясынын абдан маанилүү проблемалары иликтөөгө алынган.*

***Негизги сөздөр:*** *адабияттаануу, акындар поэзиясы, докторлук диссертация, иликтөөнүн объектиси, илимий изилдөө, илимий проблема, кыргыз окумуштуулары.*

*Одним из основных направлений кыргызской литературоведческой науки является акынская поэзия. Поэтому научно-исследовательскому направлению кыргызские ученые выполнили очень много трудов. Тем не менее, исследования по названному отраслью также активно продолжаются и в XXI веке. Причина этого объясняется тем, что в акынской поэзии существует множество проблем, которые еще не стали объектом изучения, а также возникают новые научные проблемы. В нашей статье мы намеревались сделать обзор основным исследованиям, то есть докторским диссертациям, выполненные в этой отрасли науки о литературе. Всего по данной отрасли защищено пять докторских диссертаций. Эти исследования проводили К.Койлубаев, М.Көлбаева, С.Тиллебаев, А.Турдугулов, А.Эшиев. В них изучаются очень важные проблемы акынской поэзии.*

***Ключевые слова:*** *акынская поэзия, литература, докторская диссертация, объект исследования, научное исследование, научная проблема, кыргызские ученые.*

*One of the main directions of the Kyrgyz literary science is Akyn poetry. Kyrgyz scientists have done a lot of work in this research area. Nevertheless, research on this industry is also actively continuing in the XXI century. The reason for this is explained by the fact that there are many problems in Akyn poetry that have not yet become the object of study, as well as new scientific problems arise. In our article, we intended to review the main research, that is, doctoral dissertations, carried out in this branch of the science of literature. In total, five doctoral dissertations have been defended in this field. These studies were conducted by K. Koilubaev, M. Kolbaeva, S. Tillebaev, A. Turdugulov, A. Eshiev. They study very important problems of Akyn poetry.*

***Key words:*** *Akyn poetry, literature, doctoral dissertation, object of research, scientific research, scientific problem, kyrgyz scientists.*

XXI кылымдагы кыргыз адабияттаануу илиминин өнүгүүсүнө сереп жасасак, 2001-жылдан азыркы учурга чейин аткарылган кандидаттык жана докторлук диссертациялардын саны абдан мол. Жалаң докторлук диссертацияларды эле санай келсек отуздан ашууну корголгон. Адабияттаануу илиминин тармактары боюнча карасак, кыргызстандык изилдөөчүлөр негизинен фольклористика, акындар чыгармачылыгы, кыргыз адабияты, чет элдер адабияты жана журналистика жаатында илимий эмгектерди жаратышканын көрө алабыз. Ушунун өзү бизге XXI кылымдагы кыргыз адабияттаануу илиминин өнүгүү тенденциялары ар түрдүү болгонун, өнүгүү багыттары жетишерлик ар тараптуу экендигин күбөлөндүрөт. Анда кыргыз адабияттаануу илиминдеги акындар поэзиясы салаасынын негизги изилдөөлөрү турасында сөз кылалы.

Акындар поэзиясы салаасы боюнча XXI кылымдын алгачкы он жылдыктарында кыргыз адабияттаануу илиминде бардыгы болуп 5 (беш) докторлук диссертация аткарылган.

Аларды атай кетсек, Али Турдугулов «Акындык поэзиянын көркөмдүк табияты» (2010-ж.), Асылбек Эшиев «Акындар поэзиясы: эволюциясы, интегративдик тенденциясы, типологиялык процесстер (XI-XV кк.)» (2011-ж.), Садык Тиллебаев «Унутулган жазгыч акындардын чыгармачылыгы (тематика, жанр, поэтика)» (2014-ж.), Мээрим Көлбаева «Айтыш өнөрүнүн табияты (эволюция, жанр, поэтика)» (2015-ж.), Келдибек Койлубаев «Доор жана акындар поэзиясы» (2018-ж.) деген темадагы илимий эмгектерин коргошкон.

Төмөндө бул изилдөөлөрдүн ар бирине кыскача токтолуп кетебиз.

А.Т. Турдугуловдун диссертациялык иши кыргыз адабиятынын тарыхында акындык поэзиянын өзүнчө этап, өзүнчө көркөм-эстетикалык феномен

катары алган ордун аныктоо менен анын фольклордон профессионал жазма адабиятка өтүүдөгү тарыхый-адабий маанисин белгилөө, ошондой эле акындык поэзияга тарыхтагы өзүнчө этап катары системалуу түрдө изилдөө иштерин жүргүзүү, аналитикалык талдоо жасоо, анын көркөм-эстетикалык табиятын кеңири ачуу, андагы ар кандай тематикадагы мурастарды кеңири изилдөөдөн өткөрүү, аларды системалаштыруу максатын көздөйт. Эмгекте акындык поэзиянын көркөм-эстетикалык табияты уламышка айланган акылман инсандардын адабий мурастарынан бери төкмө ырчылар Калыгул Бай уулунун, Арстанбек Буйлаш уулунун, Өтө Көкө уулунун (Жеңижок), Токтогул Сатылгановдун, Барпы Алыкуловдун адабий мурастарынын мисалында толугу менен ачылып, оозеки адабияттан профессионал жазма адабиятка өтүүдөгү чыгармачылыктын өзгөчө бир тилкеси катары мааниге ээ экендиги белгиленет [4].

А.М. Эшиевдин илимий эмгегинде XI-XV кылымдардагы акындар поэзиясынын эволюциясын, андагы интегративдик тенденцияларды, типологиялык процесстерди аныктоо жана анын дүйнөлүк адабияттагы ордун, ролун, маанисин, заманбаптуулугун айкындоо максаты астыга коюлат. Ошого ылайык изилдөөдө XI-XV кылымдардагы акындар поэзиясынын дүйнөлүк маданий, адабий тенденцияга кошкон салымы, орду жана ролу илимий негизде аныкталып, орто кылымдардагы акындар поэзиясынын интегративдик тенденциясы жана типологиялык процесстери биринчи жолу илимий-теориялык анализге алынып, кыргыз адабиятында орто кылымдык акындар поэзиясы боюнча комплекстүү алгачкы илимий эмгек катары иштелип чыгат [5].

С.А. Тиллебаевдин диссертациясында жазгыч акындардын өмүрү, чыгармачылыктарын баштан аяк бир системага салып, улуттук адабияттаануу илимибиздин илимий-теориялык жактан бүгүнкү жетишкендиктеринин чен-өлчөмүнөн туруп жандуу талдоодон өткөрүү, тиешелүү деңгээлдеги илимий-теориялык жыйынтыктарды чыгаруу негизги максат болуп эсептелет. Изилдөөнүн илимий жаңычылдыгы катары адилетсиз унутта калтырылган акындарыбыздын улуттук адабиятыбыздын эң бийик көркөм дөөлөттөрүнөн болгон чыгармалары алгачкы жолу улуттук гуманитардык илимибиздин контестине кошулушу жана монографиялык мүнөздө изилденгендиги белгиленет. Унутулган жазгыч акындарыбыздын көркөм мурастары улуттук адабияттаануу илимибиздин жана коңшулаш элдердеги илимий ой-жорумдардын контекстинде, алар менен системалык-тарыхый байланышта изилденгендиги да өзгөчө мааниге ээ болуп турат [3].

М.К. Көлбаеванын илимий изилдөөсүнүн максаты – айтыш өнөрүнүн өнүгүү эволюциясын, синкреттүү табиятын, башка жанрлар менен карым-катышын, көркөм салттуулук жана чеберчилик маселелерин талдоо, ошондой эле айтыштардын тилдик өзгөчөлүктөрүн, көркөм-эстетикалык сапатын аныктоо, боордош элдердин айтыштары менен салыштыруу болуп саналат. Бул эмгекте улуттук көркөм казынабыздын чоң бир бөлүгү болгон айтыш өнөрүнүн көркөм-эстетикалык табияты ачылып, чыгармачылыктын бул түрүнө адабий-теориялык анализ жасалып, аны менен катар фольклористика, адабият таануу, кыргыз адабиятынын тарыхы жаатындагы изилдөөлөрдүн катары толукталып, натыйжада аталган диссертациялык иш мына ушул багыттагы кийинки изилдөөлөргө таяныч болуп бере алат [3].

К.К. Койлубаев өзүнүн диссертациясында кыргыз элинин ар кыл доорлордогу акындык поэзиясынын идеялык-көркөмдүк өзгөчөлүктөрүн түрк тилдүү элдердин дүйнөкөрүмүнүн жана фольклордук салттарынын контекстинде, комплекстүү изилдөөгө, тутумдуу талдоого талаптанган өңүттө ачуу максатын көздөйт. Акындар чыгармачылыгындагы сюжеттер менен мотивдер, алардын чыгармачылыгынын калыптануу жана өнүгүү маселелери тарыхый-типологиялык мерчемде каралат. Аларды ушундай өңүттө кароо кыргыз элинин жана түрк тилдүү элдердин тарыхынын чагылуусу катары ар бир доорго мүнөздүү өзгөчөлүктөрдү жана типтүү элементтерди аныктоого түрткү болот. Диссертацияда түрк тилдүү элдердин көркөм мурасындагы тарыхый доор менен байланышкан эпикалык историзмден, мотивдерден, интерпретациялардан көрүнгөн бирдей сюжеттердин түптөлүүсү жана өнүгүүсү талдоого алынат.

Кыскача талдоодон көрүнүп тургандай, XXI кылымдагы кыргыз адабияттаануусунун акындык поэзиянын проблемаларын изилдеген тармагында да учур үчүн актуалдуу бир катар олуттуу маселелер каралган да, алар боюнча маанилүү илимий тыянактар чыгарылган. Ушунун өзү акындар поэзиясынын проблемаларын изилдөөнүн кулачы учурда улам кеңейип баратканын күбөлөндүрөт.

**Адабияттар:**


1. Койлубаев К.К. Доор жана акындар поэзиясы: фил. ил. д-н … дисс. автореф.: 10.01.01. - Бишкек, 2018. - 42 б.
2. Көлбаева М.К. Айтыш өнөрүнүн табияты (эволюция, жанр, поэтика): фил. ил. д-н … дисс. автореф.: 10.01.01, 10.01.09. - Бишкек: АДЭМ БАСМА, 2015. – 46 б.
3. Тиллебаев С.А. Унутулган жазгыч акындардын чыгармачылыгы (тематика, жанр, поэтика): фил. ил. д-н … дисс. автореф.: 10.01.01. - Бишкек, 2014. - 42 б.
4. Турдугулов А.Т. Акындык поэзиянын көркөмдүк табияты: фил. ил. д-н … дисс. автореф.: 10.01.01. - Бишкек: Айат, 2010. – 46 б.
5. Эшиев А.М. Акындар поэзиясы: эволюциясы, интегративдик тенденциясы, типологиялык процесстер (XI-XV кк.): фил. ил. д-н … дисс. автореф.: 10.01.01 – Бишкек: Текник, 2011. – 44 б.